Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG | Жума, 2022-жылдын 18-февралы | №19 (3354)

# ЖРТга КАТТОО БАШТАЛДЫ

**Кыргыз Республикасында 14-февралдан баштап мектеп бүтүрүүчүлөрүн жалпы республикалык тестирлөөгө каттоо башталды. Бул туурасында Билим берүү жана илим министрлигинин Мектеп, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү департаментинин башчысы Марат Үсөналиев маалымат жыйынында билдирди. ЖРТга каттоо 6-апрелге чейин улантылып, ага катышууну каалоочулар онлайн режиминде да каттала алышат.**

## КАЛК ҮЧҮН ЫҢГАЙЛУУ

**Саламаттык сактоо министрлиги айдоочулук күбөлүк алуу үчүн 083, ЖОЖго тапшыруу жана ишке орношуу үчүн талап кылынчу 086, майыптыкты алуу боюнча 088 жана убактылуу эмгекке жарамсыздык боюнча справкаларды автоматташтыруу зарылдыгын кароодо. Кошумчалай кетсек, учурда психоневрологиялык жана наркологиялык каттоодо жоктугу боюнча справка автоматташтырылган. Саламаттык сактоо министринин орун басары Б.Жангазиевдин маалымат жыйынында билдирүүсү боюнча 2021-жылы мындай багыттагы 90 миң даана справка берилген.**

## КАЗЫБЕК КАЗАЛЧЫ

Казыбек казалчы акталды. Казыбек казалчынын 120 жылдыгын утурлай мындай чечимди Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту кабыл алды. Чечимге ылайык СССРдин Аскердик трибуналынын жана Жогорку Сотунун өкүмдөрү жокко чыгарылды. Учурунда “тар заман”, “зар заман” деп өзү жашаган доордун оош-кыйыштарын ырдап келген акындын чыгармачылыгы реакциячыл деп бааланып, басып чыгарууга тыюу салынган.

Казыбек Мамбетимин уулунун ишин жаңы жагдайларга байланыштуу кайра кароо тууралуу өтүнүчү менен Башкы прокуратура Жогорку Сотко кайрылган. Аны актоо боюнча демилгечи топту ырчы Токтобек Асаналиев жетектеген.

## ГЕРМАНИЯ ЭШИГИН АЧТЫ

**Коронавирус илдетинин жайылышына байланыштуу Германия 2020-жылы чет элдик жарандардын өлкө аймагына кирүүсүнө тыюу салган. 2022-жылдын 13-февралынан баштап Германия Дары каражаттарынын Европалык агентствосу жактырган вакцина менен эмдөөнүн толук циклинен өткөн чет элдик жарандар кире ала тургандыгын жарыялады. Кыргыз Республикасы Германияга кирүүгө тыюу салган мамлекеттердин тизмесинен чыгарылган. Андыктан ал жакка барууну каалагандар виза алуу үчүн Германиянын Бишкектеги элчилигине арыз менен кайрыла алышат.**

Акылбек ЖАПАРОВ:

## “Менин ишиме эл өз баасын берет”

3-4-БЕТТЕРДЕ

Майрамбек АЖЫБАЕВ:

## “Тапкан пайдага жараша салык төлөөнү кепилдик кылат”

5-БЕТТЕ

Аман БОКОМБАЕВ:

## “Адам тагдырына калыс кароо кадыр-барк алып келет”

9-БЕТТЕ

# КОЙНУ КЕНЕН САРЫ-ӨЗӨН

## ЖОЛУ ОҢОЛГОНДУН ИШИ ОҢОЛОТ

Президент Садыр Жапаров 15-февралда Чүй облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Бишкек – Кара-Балта унаа жолун реконструкциялоонун жүрүшү менен таанышты.

Бул унаа жолдун жалпы узундугу 52,5 чакырымды түзөт. Анын 7,4 чакырымын реконструкциялоо иштери улануууда. Калктуу конуштардагы реконструкцияланган жолдун негизги унаа жүрүүчү бөлүгү алты тилкелүү болуп, туурасы 3,5 метрди түзөт.

Мамлекет башчысы Бишкектин түндүк айланма жолун реконструкциялоо жана Профсоюз көчөсүн бойлой айланып өтүүчү жолдун курулуш долбоорлору менен таанышты. Бул долбоорлор ишке ашса жарандар үчүн өлкөнүн борборуна кирип-чыгууда ыңгайлуулук жаралат. Президент тиешелүү министрликке курулуш иштерин өз убагында жана сапаттуу жүргүзүүнү көзөмөлгө алууну тапшырды.

## ИШКЕРЛЕРДИН САЛЫМЫ

Арматура чыгарууга адистешкен «Азия Сталь» ЖЧКсына барган Өлкө башчысы ата мекендик ишкерлердин өлкөнүн социалдык-экономикалык тармагын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымын белгиледи.

Үстүбүздөгү жылдын февралында Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун (РКӨФ) колдоосу менен ишке кирген бул ишкана кыргыз ишкерлери менен индиялык Doshi Technologies Pvt. Ltd компаниясынын катышуусунда түзүлгөн. Завод курулуш материалдарынын — арматуранын өздүк наркынын импорттук арматурага салыштырмалуу 10%га чейин төмөндөшүнө шарт түзөт.

Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун башкармалыгынын төрагасы Артем Новиков өткөн жылы фонд тарабынан өндүрүш, агроөнөр жай, байланыш жана IT, транспорт, логистика, туризм жана башка тармактардагы 333 долбоор 44,2 млн долларга каржылангандыгын билдирди.

## АЛГАЧКЫ АТА МЕКЕНДИК АВТОБУС

Андан кийин Президент Садыр Жапаров ата мекендик автобустарды кураштыруу менен алектенген «Белес.kg» ЖЧКсынын ишмердүүлүгү менен таанышты.

«Белес.kg» ТС — WMI Code K59 уникалдуу кодун берген «SAE» (АКШ) автоунаа инженерлери тарабынан тастыктама алып, бул өндүрүштү уюштурууга жана дүйнөлүк компаниялар менен кызматташууга жол ачкан. Пилоттук долбоорду ишке ашыруу үчүн өнөктөштөр менен тыгыз байланыш түзүлүп, DAF Components (Нидерланд), ZF Friedrichshafen AG (Германия), НПП ИТЭЛМА (Россия) жана SSAB (Швеция) чет элдик компаниялар менен тетиктерди алууга келишимдер түзүлгөн. Толук кураштыруу кыргызстандык адистер тарабынан ишке ашкандыктан, автобусту толугу менен ата мекендик продукция деп айтууга болот. Учурда Евро 5 стандартындагы дизелдик кыймылдаткыч менен жабдылган шаардык жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорттун сыноодогу үлгүсүн чыгаруу аяктады. Абанын булганышы боюнча учурдагы кырдаалды эске алуу менен компания кезектеги сыноодогу үлгүсүн электр кыймылдаткычы менен чыгарууну чечкен.

Биринчи ата мекендик автобусту Садыр Жапаров өзү рулга отуруп сынап көрдү. Ал ата мекендик өндүрүшчүлөрдү колдоо максатында мамлекет бул ишканада чыгарылган 10 автобустун алгачкы партиясын сатып аларын айтты.

## ИРИ ИШКАНА КЕҢЕЙЕТ

Жайыл районунун Кара-Балта шаарындагы “Вулкан плюс” ЖЧКсы түзүлгөндөн бери 11 жыл аралыгында өлкөдөгү тоокен ишканалары жана цемент заводдору менен иштешип, тегирмендердин, майдалоочу жабдыктардын, мештерди жана автоунааларды тетиктерин чыгарып келе жатат. Өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 30 миң тонна. Акыркы 5 жылдын ичинде компания өлкөдөгү эң ийгиликтүү 200 компаниянын катарына кирген. 2021-жылга товардык продукциянын көлөмү 727,5 млн сомду түздү.

Ишкананын ишмердүүлүгү менен таанышкан Садыр Жапаров “Вулкан плюс” ЖЧКсынын тоо-кен таштарын майдалоочу шарларды жана металл буюмдарды куюучу линиясынын курулушу үчүн капсула салды. Курулушу аяктап ишке кирсе, ишкананын өндүрүмдүүлүгүн жылына 100 миң тоннага чейин жеткирүүгө мүмкүндүк берет. Ишкананын ишине канааттанган Мамлекет башчысы ишкерлерди колдоо мамлекеттин экономика тармагындагы артыкчылыктуу багыттарынын бири экендигин белгиледи.

## КУТТУКТОО

***Президент Садыр Жапаров 16-февралда Германия Федеративдүү Республикасынын Федералдык Президенти Франк-Вальтер Штайнмайерди экинчи мөөнөткө кайра шайланышы менен куттуктады.***

Куттуктоодо: “Кыргызстан үчүн Германия менен өз ара пайдалуу кызматташтыкты өнүктүрүү артыкчылыктуу мүнөзгө ээ жана биз кыргыз-герман өз ара мамилелеринин ырааттуу кеңейтилишине зор маани беребиз. 2022-жылдын 3-февралында Кыргыз Республикасы менен Германия Федеративдүү Республикасынын ортосундагы дипломатиялык мамилелердин түзүлгөндүгүнө 30 жыл толду. Бул мөөнөттүн ичинде эки өлкөнүн ортосунда достук мамилелер түзүлүп, учурда ар кандай чөйрөлөрдө көп кырдуу кызматташуу жигердүү өнүгүүдө”, - деп айтылат.

## ЭДИЛ БАЙСАЛОВ ТӨРАГА

Бириккен Улуттар Уюмунун Европа экономикалык комиссиясынын Аткаруу комитетинин 120-кеңешмесинин катышуучулары БУУ ЕЭК Туруктуу өнүктүрүү боюнча Аймактык форумунун төрагалыгына КР Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсаловдун талапкерлигин жактырышты.

Иш-чара 2022-жылдын 6-7-апрелинде Женева шаарында өтөт.

## “КӨЧМӨНДӨР МУРАСЫ”

***Өлкө жетекчиси Садыр Жапаров 16-февралда “Көчмөндөр мурасы” Улуттук холдинг компаниясы” ачык акционердик коомунун ишмердүүлүгү боюнча жумушчу кеңешме өткөрдү.***

Жыйындын жүрүшүндө компания ата мекендик экономиканы, өнөр жайды, гидроэнергетикалык потенциалды, санариптик технологияларды өнүктүрүүгө багытталган 32 долбоорду сунуштады. Анда Ысык-Көл облусуна цемент заводун куруу, өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 5 миллион тоннага жеткен “Кавак” күрөң көмүр бассейнин, Куттисай, Талды-Булак, Андаш кендерин өздөштүрүү бар. Андан сырткары “Чоң-Кемин”, “Кара-Көл” жана “Орто-Токой” ГЭСтерин салуу, билим берүү жана IT тармагын колдоо жана өнүктүрүү да каралган.

Сунуш кылынган долбоорлордун концепциясын жактырган Садыр Жапаров компаниянын 2022-жылга карата бюджетин бекитип, долбоорлорду өз убагында жана сапаттуу ишке ашыруунун маанилүүлүгүн белгиледи.

## КЕЛЕЧЕК МУУНДУН РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ

***КРнын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетовдун төрагалыгында 16-февралда 2021-2026-жылдарга инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепцияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын бет ачары өттү.***

Сүйүнбек Касмамбетов өлкөнүн өнүгүп-өсүшүнө салым кошушу үчүн руханий жактан тапталган, дени сак, билим деңгээли өскөн, тарыхты мыкты билген, каада-салтты урматтаган, башка элдердин ишенимдерин сыйлаган, этностор аралык мамилелерди урматтаган, көп тилди өздөштүргөн кыргыз жаранын калыптандыруу милдети тургандыгын белгиледи.

**Даярдаган**
**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Түз суроого – түз жооп

## Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек ЖАПАРОВ:

# “МЕНИН ИШИМЕ ЭЛ ӨЗ БААСЫН БЕРЕТ”

***КР Министрлер Кабинетинин Төрагасы – КРнын Президентинин Администрациясынын жетекчиси Акылбек Жапаров 15-февралда маалымат жыйын өткөрүп, журналисттердин суроолоруна жооп берди.***

**- Акылбек Үсөнбекович, Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан сиздин дарегиңизге ар кандай сындар айтылып жатат. Депутат Жеңишбек Токторбаев: “Кумтөр” боюнча маалыматты жашырууда. Акылбек Жапаров төрөлгөндө еврейлер ыйлаган...” деп айтты. Бул сын боюнча эмнелерди айта аласыз?**

- Мен парламенттин 3 чакырылышынын депутаты болгом. Депутаттар көп учурда чын-тамашаны аралаштырып сүйлөшөт. Балким, ошондой болсо керек. Буюрса, “Кумтөр” боюнча сүйлөшүүлөр аягына чыгайын деп калды. Марттын он бешине чейин канадалыктар менен сүйлөшүүнү тынч жыйынтыктоого макулдаштык. Жакынкы аралыкта бул маселе тууралуу Президент маалымат берет. Биз толук маалыматтын баарын парламентке дагы беребиз. “Кумтөргө” тышкы башкарууну киргизгенде эсебинде болгону 48 миң доллар акча бар болчу. Өзүңүздөр билесиздер, бул эң чоң ири ишканалардын бири. Канадалыктар 4-5 жылдан бери кыргыздар бир күнү мекемени өздөрүнө алат деген ой менен даярданып эле жүрүшкөн экен. Алтындын баасы улам көтөрүлгөн сайын кеткилери келбей жүрүптүр. Бирок, азыркы санарип технологияларды колдонуп, чет мамлекеттердеги банктарда эсептерди ачып, акчалардын баарын ошол жакта кармашчу экен. Жылдын аягына чейин жалпы жонунан 326-329 млн доллар киреше көрдүк. Компанияга жүгүртүү үчүн бир айда 35 млн доллардан 50 млн долларга чейин капитал керек. Ошол акчаны алып койсок, бюджетке салыктан башка 220 млн доллар таза киреше берип жатат. Мурун “Кумтөрдү” башкарып жаткан канадалыктар 4 пайыз салыкты дагы төлөбөй жүргөн. Азыр аны дагы төлөп жатат. Жалпысынан дүң кирешенин 18 пайызын өлкөгө төлөп берүүдө. Мурунку планга караганда 4,5 млрд сом көп акча төлөп берди. Иш ачык-айкын жүрүүдө. Бирок, депутаттар сурап жаткан сырларды канадалыктар менен жабык эшик артында, акыркы сүйлөшүүлөр бүткөндөн кийин сиздерге да айтып беребиз.

**- Өндүрүлгөн алтын кайда, кимге, канчадан сатылып жатат? Ушул суроо коомчулукта көп айтылып жатпайбы. Ачыктай аласызбы? Буга чейинки президенттер “Кумтөрдөгү” коррупцияга аралашкан деп айткан элеңиз. УКМК Аскар Акаевди таптаза кылып кетирди. Аскар Акаевич дагы сизди күнөөлөп келген...**

- Мамлекеттик комиссиянын төрагасы катары парламентте отчёт берип жатып, 2003-жылы “Центерра” компаниясы түзүлгөндө австралиялык бир компания акцияларды алып, 44,3 млн долларга сатып кеткен, ошонун аягы биринчи президенттин тууганларына келип такалганын айткам. Аны 2012-2013-жылдары Башкы прокуратура териштирип, далилдеп берген. Аялынын жакын тууганлары качып жүргөн экен, алар дагы келип тастыктады. Кимиси күнөөлүү же күнөөлүү эмес экенин сот чечим чыгарып жатат. “Кумтөрдү” кыргыз элине алып бергенде президенттердин тагдыры мынчалык кейиштүү болбойт эле деп ойлом. Садыр Нургожоевич мени комиссиянын төрагасы кылып чакырып жатканда, “Менден үчүнчү ирет президент суранып жатат, мен бул ишти аягына чыгара алам, тарыхын, механизмдерин билем. Кыргыздын кызыкчылыгын коргой алчу юристтер, иштетип кетчү кыргыздын жигиттери дагы бар. Бирок, саясий эрк керек” – деп айткам. “Алтынды көргөндө периште дагы адашыптыр” дегендей, буга чейин президенттер дагы адашып жүргөн. Аларды көргөн калгандары дагы адашып, “крыша” болуп жүрүшкөн. Камчыбек Кыдыршаевич “крышалардын” баарын жойгондуктан, 31 млрд сом казынага түшүп жатпайбы. Акаев келип, мойнуна алып, тастыктап, коррупциялык учурлар болгонун айткандан кийин, “Центерра” компаниясы дагы сүйлөшүүлөргө ыкчамыраак бара баштады.

Ал эми 350 тонна алтын казып алып жаткан Россия дагы алтынды сыртка чыгарган жери жок. Биздин алтын дагы сыртка чыкпады. Биз аны сатып, андан түшкөн акчалардын баарын экономикага киргизип жатабыз. Ошондуктан, кабатыр болбоңуздар. Буга чейин 410 тонна алтын сыртка чыгарылып сатылып кеткен. Биз мындан нары колубуздан келсе алтынды Кыргызстандын ичинде алып калсакпы деп жатабыз. Азыр ага Министрлер Кабинетинин, Улуттук банктын, бөлөк банктардын мүмкүнчүлүктөрү бар.

**- Жол маселеси аябай курч болуп турат. Бул тармакта маселени чечүү үчүн кандай иш-аракеттер жүрүүдө?**

- Быйыл 20 миң тонна битум алып бергени жатабыз. Былтыр 5-7 миң тонна битум алынган эмес. 3 жолу тендер өткөрдүк, компаниялар келбей жатат. Ошондуктан, заводдорго түз чыгып, алып келип беребиз. Бул өткөн жылга караганда 4 эсе көп жолдор оңдолот дегенди билдирет. Былтыр 70 миң чарчы метр жамоо иштери жасалса, быйыл 400 миң чарчы метр жасалсын, 250 миң метр жаңы жолдор салынсын, райондук деңгээлдеги жолдорду ондоону 650-730 км.га чыгарасыңар деп тапшырма берилген. Транспорт министрлигинде чоң реформалар жүрүүдө. Жакында “Кыргыз авто жолдору” деген мамлекеттик мекеме түзүлдү. Жол фондусу түзүлүп, акчаларын бөлүп бердик. Битум сатып алганы 4 млрд сом даяр. Мындан сырткары 400 техника алып беребиз. Түштүк Корея, Россия, Кытай менен сүйлөшүп жатабыз. Бул жылы ирригация менен жолдорго абдан чоң көңүл бурулууда.

**- Өзүңүздүн орун басарыңыз Эдил Байсаловдун ишмердүүлүгүнө кандай баа бересиз? Анын дарегине айтылган сындар жөндүү деп эсептейсизби?**

- Иш болгон жерде сын айтылат. Эдил Байсаловдун жогорку потенциалы бар деп эсептейм. Ал болгону эмоциясын башкарууну үйрөнсө эле туура жолдо баратат. Мен анын кээ бир маселелерде колдоосун сезип жатам. Ага убакыт берсек, андан мамлекеттик деңгээлдеги мыкты жетекчи чыгат.

**- “Акылбек Жапаров кызматтан кетет экен” деген сөз чыгып, аны Президенттин маалымат катчысы төгүндөп, “Узак мөөнөткө иштейт” деди. Өзүңүздүн чечиминизде канча мөөнөттө иштейм дейсиз?**

- Кечээги күнгө бара албайт экенбиз, бүгүнкү күн Кудайдын буйругу экен. Мага чейин кимдер келип кеткен эмес. Кеткенге дагы, иштегенге дагы даярмын. Эртең менен 7де келип, түнкү 10го чейин иштеп жатам. Эл, Президент Садыр Нургожоевич өз баасын берет го деп ойлом. Экономикада сыйкырдуу таякча жок. Туруктуу өсүп-өнүгүп кеткенге 3 жыл керек. Азыркы саясий жетекчилердин баары менден 4-5 жаш кичүү экен. Президент “Кумтөрдөгү” алтын схемасынан баш тартты, бажы, салык, алкоголдогу “крышаларды” талкалаган ушундай жол менен кетсеңер, мен 3 жылда баарын ордуна коюп бере турган оюм бар деп, иштеп бере турган планымды айтып жатам.

**- Казынаны 400 млрд сомго жеткизебиз деп айтып жатасыз. Бул үчүн Салык жана Бажы кызматтарынан түшкөн каражатты көбөйтүү керек. ККМ азыр толук кандуу кирбей турат. Бажы кызматына кирешени көбөйтөт деп барган жигит коррупцияга шектелип кармалды. Буга эмне деп жооп бересиз?**

- Ал жигиттин күнөөлүү же күнөөлүү эмес экенин сот аныктайт. Ноябрь-декабрь айларында планды толтуруп, 1 млрд 700 млн сомго көп болгон. Ошонун планы, реформасы менен январь-февралда Бажы кызматы пландан көбүрөөк акча төктү. Мүчүлүштүктөрү болушу мүмкүн. Ал туурасында укук коргоо органдары иштеп жатышат. Мен Министрлер Кабинетинин Төрагасы катары ал жигиттин ишине канааттанып эле жаткам. Быйыл бюджетти 400 млрд сомго жеткирели деген планды койгонбуз. Кийинки жылы 500 млрд сомго жеткизели деп жатабыз. ККМ аппаратын 1991-жылдан бери коюп башташыбыз керек болчу. Буга чейинки президенттер, 30дан ашык премьерлер “Менден кийинкилер келип койсун...” деп жүрүп, ушуга жеттик. Вице-премьер-министр болуп келгенимде, дагы кийинкиге жылдырабыз дегенге болбой КНС төлөгөндөргө электрондук счет-фактураны киргиздик эле, ишкерлер 5 айдын ичинде 5 трлн 300 млрд сомго жакын товарды бири-бирине сатышыптыр. Анын ичинен 744 млрд сомду патентке чыгыштап салышып, “кара тешик” жаралып калган. 6 айдын ичинде бүтүндөй Казакстан 698 вагон жыгач материалдарын алып келсе, биздин 6 ишкерибиз Россиядан 1001 вагон жыгач алып келген. Баарын патентке таратып жиберген. 1 кубун 6 миң сомдон каттаган дагы, базарда 15 миң сомдон 21 миң сомго чейин сатты-рып жатат. Базарда турган киши 500-1000 сом эле төлөйт. Ошол үшүп соода кылган адамдан такыр салык албайлы, 6 миң сом деп каттап, 15 миң сомдон сатты-рып жаткан адамдан салык алалы деп жатабыз. ККМ аппаратын колдонгондор 8 млн сомго чейин акча жүгүртүүсү болсо, эч нерсе төлөбөйт. Муну баарына түшүндүрүүдөбүз. Бирок, товарды кимден алдыңар, ИННди айтып койгула, биз эң чоң киреше алып жаткандарды салык төлөтөлү деп жатабыз. Ушуну эл туура түшүнүш керек. 8 млн сомго чейин таптакыр салык төлөнбөйт, 8 млн сомдон 30 млн сомго чейин тармагына жараша 1 же 2 пайыз төлөйт. Куранда кырктын бирин төлө дейт. Биз жүздүн бирин бер десек, “Акылбек Жапаровду эртерээк айдабасак болбойт” деген кишилер парламентте олтурат, аны билем. Президент менен жолукканда дагы бир топ байлар “Эгерде "Салык Кодексин" Акылбек Жапаров жазып чыкса, биз үчүн бир балээ болгону турат” дептир. “Өзүңөр окудуңарбы?” десе, “Жок, окубадык. Акылбек Жапаров жазса, биз эми салык төлөй баштайбыз” деп айтышыптыр. Колунда барлар, байлар салык төлөмөйүнчө жетим-жесирлерди, майыптарды кантип багабыз?! Сиздердин жардамыңыздар менен ушул боюнча элге туура маалымат жеткизебиз деп ойлойм. ККМ аппаратын киргизүүнү базарларда гана тайм-аут алдык. Ал жакта хронометраж жүрүп жатат. 1 рулонду 3 же 30 сом деп каттап коюп, чет жактан келген жарандар сатат экен. Ошолордон салык алалы десек да мага каршы чыгып жатышпайбы. Үшүп-шишип базарда тургандардан салык алгым жок, тонналап товар алып келип, күнүнө 100-200 миң доллар соода кылып жаткандар кыргыздын мыйзамы боюнча милдеттүү түрдө салык төлөшү керек. Бүгүн же эртең система өзгөрөт, сөзсүз салык төлөшөт. Жакынкы аралыкта санарипке толук өтөбүз. Биз системаны өзгөртүүдөбүз, эл менен күрөшкөнүбүз жок. Кечээ тийиштүү документке кол койдум, көзөмөл чекти чогултуу менен “Айфон” уюлдук телефонун утуп алса болот. Мамлекеттик, муниципалдык кызматкерлерге, пенсионерлерге квартал сайын квартира коёлу деп жатабыз. Айтор, мен эл мененмин.

**- Россиянын “Русатом” ишканасы менен Кыргызстан чакан атомдук электр станциясын куруу боюнча келишимге кол койгону тууралуу маалыматтар айтылган. Өлкөгө атомдук электр станция курууну кажети барбы?**

- Биз азыр жаңы кылымга, жаңы доорго өттүк. Нанотехнологиялардын заманы болуп жатат. Коңшу Кытай мамлекети 100 атомдук электр станцияларын курганы турат. Белоруссия куруп бүттү. Казакстандын президенти “Биз дагы АЭС курабыз” деди. Өзбекстанда куруу долбоорлору башталды. Бул бир күндө эле курула турган нерсе эмес. АЭСти курууга 50 жылдан 100 жылга чейинки өзүнүн циклдери бар. Бизде коңшуларга окшоп күчтүү реакторлорду курбасак дагы, чакан реакторлорду куруу

*(Уландысы 4-бетте)*

*(Башталышы 3-бетте)*

боюнча Энергетика министрлиги менен "Русатом" кол коюшту. Мунун үстүндө иштей беришибиз шарт. Окумуштууларыбыз, инженерлерибиз даярдана бериши керек. Бүгүн болбосо эртең атомдук станциялар дүйнө жүзүнө тарайт.

**- Сиз 100 чакан ГЭС, шамал жана күндүн нурунан энергия алчу станциялар курулат деп айткан элеңиз. Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн каражат кайдан табылат?**

- Энергетика тармагы - бизге эң чоң экспорттук потенциал алып келчү тармак. Гидроэнергетиканын 10 пайызын гана колдонуп жатабыз. Өткөн жылы суу аябай тартыш болгондуктан, баарыбыз колубузда эмне деген байлык бар экенин түшүндүк. Президент Садыр Нургожоевичтин тапшырмасы менен быйыл "Камбар-Ата-1" ГЭСнин биринчи этабын өзүбүз баштаганы жатабыз. Жакынкы аралыкты Каржы министрлиги 500 млн долларга чейин Евро фонддорго, алардын рыногуна чыкканга аракет кылып жатат. Инфраструктурасын түзүүгө 18, 8 млн доллар керек экен. Бул каражатты таптык, бюджетте бар. Буюрса, 1-апрелден тартып ишти баштайбыз. "Камбар-Ата-1" ГЭСинин курулушуна Өзбекстандын президенти Ш. Мирзиёев дагы абдан кызыкдар экен. Казакстанга болгон иш сапарымда казак президенти Касым-Жомарт Токаев дагы "Биз дагы ушул долбоорго катышсак болот эле" деген оюн айткан. Биз алар келип бул долбоорго катышканга каршы эмеспиз. Ким кандай шартта катыша турганы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасынан болсо керек. Бирок, бул иштин алдында "Камбар-Ата – 2" ГЭСинин экинчи агрегатын коё беребиз. Ушул жылдын аягына же кийинки жылдын май айына экинчи агрегат дагы иштеп калат. Мындан сырткары 4 чакан ГЭС курууну дагы өзүбүздүн күчүбүз менен баштаганы жатабыз. Кыргыз-Орус өнүктүрүү фондусунун негизинде "Бала-Саруу" чакан ГЭСинин курулушу быйыл башталат. Долбоору бекитилип, тендер жүрүп жатат. "Бурулдай", "Орто-Токой", "Кара-Көл" чакан ГЭСтерин "Кумтөрдөн" түшкөн акчага курууга Президинтибиз жаңы ачылган "Улуу Көчмөндөрдүн Мурасы" деген компанияга милдеттендирди. Өзүбүздүн чыгаан кыздарыбыз дагы бар экен, шамалдан энергия алуу үчүн 100 агрегат коём деп жатат. Биз болгон шарттардын баарын түзүп беребиз. Токмокто күндүн нурунан 120 МВт электр энергия алчу станциянын курулушу башталат. Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош, Баткенде дагы ушундай станцияларды курууну баштайбыз.

"Айыл банк", "РСК банк", "Керемет" банктарынын уставдык капиталын 100 млн долларга жеткизебиз. Кепилдик фонддун негизинде "Өнүгүү" банкын 5 млрд уставдык капиталы менен түзөлү, андан кийин 5 млрд сом берип, аны дагы 100 млн долларга жеткизели деп атабыз. Булар элдин банкы болгондон кийин элдин таламын аткарат. Элге узак мөөнөттөгү, үстөк пайызы аз кредиттер керек. Ушул жылы айыл чарбасына 6 пайызга чейин 26 млрд сом кредиттерди беребиз. Булактардын баарын тактадык, 176 млн доллар кетет. Орто, чакан ГЭСтерди курганга Өкмөт кепилдик бергенге даяр.

**- Ишкерлерди коргоо боюнча кандай аракеттер көрүлөт?**

- Каржы полициясы жоюлду. Ал жоюлгандан кийин 5 млрд сом салык көбүрөөк түшө баштады. Коррупцияга каршы күрөшүү кызматы дагы жоюлду. Ишкерлерди коргоо боюнча Башкы прокуратурада атайын башкармалык ачылды. Биз өткөн менен алектенбей, бүгүнкү жана эртеңки күн менен алпурушуудабыз. Ишкерлерди кетирбейбиз, тескерисинче сыртган келем дегендер көбөйүп жатат. Дүйнө жүзү боюнча инвестициялардын көлөмү азайса, бизде түз инвестициянын көлөмү 26 пайызга көбөйдү. Бизден кетип жаткан акчанын көлөмү былтыркыга салыштырганда 20 пайызга азайды.

**- "Асман" шаарын куруу ар кандай пикирлерди жаратып жатат. Бул долбоорду ишке ашыруу реалдуубу?**

- Өзүнүн шаарын куруу кыргыз элинин кыялы. Экологиялык шаар куруу боюнча Президентибиздин кыялы иш жүзүнө ашат деп ойлойм. Биз азыр башкы пландын үстүндө иштеп жатабыз. Аябай кызыктуу сунуштар түшүп жатат. Кызыккан инвесторлор дагы бар. АКШда иштеген өзүбүздүн жараныбыз Каракол шаарында IT шаарчасын курууну пландап жатат. Анын кыялы ишке ашса, эмнеге "Асман" шаарын куруу ишке ашпайт? Астана шаарын курабыз дегенде дагы көпчүлүк ишенген эмес. Курушту, шаар өнүгүп жатат. "Ташкент Сити" долбоорун карап көргүлө. Ушундай мыкты кыялдарды ишке ашыруу өзүбүздөн көз каранды.

**- Бул долбоор Ысык-Көлдүн экосистемасын бузат деген пикирлер дагы бар. Мындан сырткары, "Асман" шаарын курууну коррупцияга шектелип кармалып, 2 млн сом акча төлөп чыккан Тимур Файзиевге берип жатасыздар. Президенттин кыялы Файзиев менен ишке ашабы?**

- Тимур Файзиевди көптөн бери билем. Идеяга бай бала. Биз биринчи башкы планды түзүшүбүз керек. Буга чейин бул ойкыял болсо, азыр биринчи этапка кире баштадык. Буга ушул жигит жарайт. Ал энергиясын, таланттын бизге дагы жумшашы керек экенин айтсак, макул болду. Фейсбукка чыгып, өзүнүн ой-пикирин эркин айтып, лекция окуп аябай көнүп алыптыр. Өкмөттүн жумушуна келгенден кийин тизгиниңди тартып, биринчи жумушунду жасап, жыйынтыгын көрсөт деп айтып жатабыз. 3-4 ай убакыт берип көрөлү.

**- Апрелден баштап мугалим, врачтардын айлык акыларын көбөйтөбүз деп жатасыз. Кайсыл булак жана кандай көрсөткүчтө көтөрөсүздөр?**

- Айлык акыны, пенсия, жөлөк пулду салыктын гана эсебинен көтөрө алабыз. Чет мамлекеттерден грант алып, ошонун эсебинен 5-6 пайызга көтөрүмүш болуп коюп элди алдап келгенбиз. Салык күн сайын түшөт, пенсия, жөлөк пул дагы күн сайын алына турчу нерсе. Январдын көрсөткүчтөрү жаман эмес, февралдын көрсөткүчтөрү дагы жакшы, март дагы жакшы болсо, социалдык тармакта иштеп, аз айлык алып жаткандардын баарынын айлыктарын 1-апрелден 50 пайызга, 1-октябрда дагы 50 пайызга көтөрөлү деп жатабыз. Милиция кызматкерлериникин болсо теңдейбиз. Революция болгондон кийин эле укук коргоо кызматкерлеринин айлыктары көтөрүлө баштайт. Бирөөнүкү жогору, бирөөнүкү төмөн көтөрүлүп калыптыр. Эң азы милицияныкы экен, аны чек арачы, прокурорлордукуна теңейбиз.

**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

■ Улуттук идеология

# МАМЛЕКЕТТИН БАШКАРУУ БИЙЛИГИ ТОЛУК МОДЕРНИЗАЦИЯЛАНЫШЫ ЗАРЫЛ

***Мамлекеттик бир топ жогорку кызматтарда иштеген, экс-акыйкатчы, коомдук-саясий ишмер Токон Мамытов менен мамлекеттин экономикасын кантип өнүктүрсөк болот, ал үчүн кандай иштерди жасоо зарыл, канткенде эл күткөндөй натыйжаларга жетише алабыз, улуттук идеологиябыз кандай болууга тийиш деген суроолордун тегерегинде ой бөлүштүк. Ал сөздү төмөндөгүдөй маселелерди ортого салуу менен баштады.***

– Өткөн тарыхты карасак, дүйнөдөгү кайсыл мамлекет болбосун алдыга карай ылдам өнүгүшү үчүн биринчи саясий системаны өзгөртүү менен иште башташкандыгын байкайбыз. Бул жерде биздин өлкөгө тиешелүү бир суроо пайда болот. Эмне үчүн Кыргыз Республикасынын эгемендигинин 30 жылында элдик 3 революция болду? Себеби, мамлекеттин башкаруу бийлиги модернизация болбой, саясий система өзгөрбөй кала берген. Ошентип, бул жактагы реформа ордунан жылбай тура берип, элдин күткөнүндөй натыйжа болбой, анан чыдамы түгөнгөн эл ыңкылап менен бийликти кайра-кайра алмаштырып келди.

## "МОДЕРНИЗАЦИЯ" ДЕГЕН ЭМНЕ?

Бул суроого жооп бериш үчүн мисал катары Кытай Эл Республикасын алсак болот. Өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары алардын абалы өтө оор болгон. Анан 1978-жылы Дэн Сяопин бийликке келген. Ал бийликти толук модернизациялаган. Тактап айтканда, коом менен бийликтин ортосундагы мамилени тең салмактуу жолго салып, жаңы саясий системаны кабыл алышты. Ушунун өзү модернизацияны түшүндүрөт. Негизи коом менен бийликтин ортосунда жакшы карым-катнаш орун алып, түз байланыш жаралып, ошондой эле жаңы мамлекеттик институттар болмоюнча мамлекет өнүкпөйт.

## "БИР КЫТАЙ – ЭКИ СИСТЕМА"

Дэн Сяопин ишин Кытайда ачык саясат (политика открытости) жүргүзүү менен баштаган. Тактап айтканда, "Кытайдын эшиги бүт дүйнөгө ачык, жакшы ниеттеги инвесторлор акчаңарды алып келип завод-фабрикаңарды куруп иштете бергиле" деген. Кытай бийлиги менен жалпы эли биригип, 4 багытты оңдоо тууралуу чечимге келишкен. Алардын биринчиси – айыл чарбасы, экинчиси – илим, үчүнчүсү – коргоо жана коопсуздук маселеси, төртүнчүсү – өнөр жай тармагы. Ошондон кийин өздөрүнө Гонконг менен Тайванды кошуп, "бир Кытай – эки система" деп чыгышты. Мында марксистик-коммунисттик идеологиядан тайбайбыз дешкен. Алар: "Пландуу экономика сөзсүз болушу керек, ошол эле кезде рынок экономикасы менен да иштешебиз", - деген жаңы саясат жүргүзүштү. Ошентип, Кытай Эл Республикасы турмушка керектүү реалдуу багыттарды тутунуп, түпкү идеологиясын сактап калды. Жыйынтыгында кубаттуу өнүгүүгө ээ болушту.

## БИРДИКТҮҮ ЭЛГЕ – БИРДИКТҮҮ ИДЕОЛОГИЯ КЕРЕК

Ал эми биздин өлкө 30 жылдан бери өз идеологиясын таппай жүрөт. Аскар Акаев "3 жылда Швейцариядай болобуз", "Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз" деди. Андан кийин Орто Азиядагы "демократиянын аралчасы" аталдык. Батышты туурап, "парламенттик республика болобуз" деп чыктык. Көрсө, ага деле даяр эмес экенбиз, анын өтөсүнө да чыккан жокпуз. Ошентип, өткөн 30 жылда өз жолубузду таптакыр таппай койдук.

Азыр Кыргыз Республикасы кайсыл жерде турат? Кайсыл багытты карманышы керек? Туура багытты табыш үчүн сөзсүз идеологиябыздын болушу зарыл. Ар ким "өз коктусундагы идеологиясын" алып келе бергени туура эмес. Негизи бирдиктүү элге – бирдиктүү идеология керек. Мына ушул нерсе эгемендүүлүк мезгилинде аткарылбай калган. Демек, биз бийликтин мамлекеттик башкаруу модернизациясын жасаган жокпуз, экинчиси – идеологиябызды таба албадык.

## ПРЕЗИДЕНТ – ЖАЛПЫ УЛУТТУК ЛИДЕР БОЛУШУ ЗАРЫЛ

Жогоруда айтылган маселелердин бардыгын биротоло чечип, тез арада экономикалык өнүгүүгө ээ болуу үчүн азыркы Президент Садыр Жапаров оппозиция, позиция, оң жээк, сол жээк дебей, өлкөбүздөгү аттуу-баштуу таза инсандарды жана артында "илешкен эч нерсеси жок", коррупцияга аралашпаган акылдуу, билимдүү саясатчыларды (кары-жашына, көз караштарына, диний ишенимдерине карабай) бириктирүү менен жалпы улуттук лидер катары элди алдыга баштап чыгышы керек. Мамлекеттик башкаруу бийлигин заман талабына ылайык модернизациялап, саясий системаны өзгөртүү менен улуттук идеологияны иштеп чыгуу зарыл. Ошондо гана өлкөбүз эл күткөндөй ылдам жана натыйжалуу өнүгүүгө баштайт.

## МАМЛЕКЕТТИК ИДЕОЛОГИЯНЫ КАНТИП ИШТЕП ЧЫКСА БОЛОТ?

Ал үчүн улуу-кичүү дебей илим-билимдүү, коррупцияга малынбаган, алдыңкы көз караштагы акылдуу, тажрыйбасы мол адамдардын тобун чогултуп туруп, кыргыз элине керектүү идеологияны иштеп чыкса болот. Бул иштин башында Президент Садыр Жапаров өзү турушу керек. Мисалы, мен көп жылдардан бери бул багыттагы материалдарды топтоп, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик идеологиясынын айрым багыттарынын долбоорун жазып койдум. Бирок, аны коомчулукка алып чыкканга эрте деп ойлойм. Ал үчүн Мамлекет башчысы ушул багыттагы адис 5-6 адамды чакырып, идеология боюнча документтин долбоорун даярдагыла десе туура болмок. Буга карата азыр 2-3 адамдан турган биздин топ даяр. Биз бир жылдан бери идеология долбоорунун үстүнөн иштеп жатабыз.

Ошол долбоордо улуттук коопсуздук маселесинен баштап бийликтин модернизациялануышы, улут биримдиги, илим жана өнөр жай, айыл чарба, саясат, элдин социалдык абалы, саламаттыкты сактоо маселеси, тышкы саясат, "маалымат согушу" (мындай нерсе азыр Украинанын тегерегинде катуу жүрүп жатат) жана башка маселелердин бардыгы камтылган. Бир сөз менен айтканда, саясий системаны кантип өзгөртүүнүн багыттарын аныктап, талдап чыктык.

**Азизбек ЧАМАШЕВ**

Жаңы салык кодекси

# ТАПКАН ПАЙДАГА ЖАРАША САЛЫК ТӨЛӨӨНҮ КЕПИЛДИК КЫЛАТ

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Салык төлөөчүлөр менен иштөө бөлүмүнүн башчысы **АЖЫБАЕВ Майрамбек Рысмендиевич** менен жаңы салык кодексинин айланасында маек курдук.

**- Майрамбек Рысмендиевич, жаңы салык кодексин иштеп чыгууга кандай зарылдык болду?**

- Мезгил талабынан улам салык мыйзамдарын олуттуу түрдө өркүндөтүү зарылдыгы бышып жетилди. Бизнес чөйрөсүндөгүлөр жана эксперттик коомчулук менен талкуу жүргүзүлгөндөн кийин төмөнкүдөй негиздемелер боюнча Салык кодексинин жаңы редакциясын иштеп чыгуу чечими кабыл алынган:

1. Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарын заманбап экономикалык шарттарга адаптациялоо зарылдыгы;
2. Салыктык жол-жоболорду санариптештирүүнү андан ары өркүндөтүү;
3. Ишкердик ишин жүргүзүүдө бирдей шарттарды түзүү жана көмүскө экономиканы кыскартуу;
4. Соңку 10 жыл ичинде Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизген 130 мыйзамды, салыктык башкаруудагы заманбап практикалык ыкмаларды эске алуу менен укуктук, техникалык жактан өркүндөтүп иштеп чыгуу.

Жаңы Салык кодекси жагымдуу инвестициялык климатты түзүү мүмкүнчүлүктөрүн, таза атаандаштык үчүн шарттарды жана мыйзамсыз сооданы аныктоону камсыздайт.

Киргизилген өзгөртүүлөр ата мекендик өндүрүүчүлөрдү колдоого жана ата мекендик продукцияны тышкы рынокко чыгаруунун натыйжалуу инструменттерин түзүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле ак ниет бизнести коргоого жана экономиканы көмүскөдөн чыгарууга багытталган.

**- Салык кодексиндеги эки салык режими боюнча түшүндүрмө берсеңиз?**

- Салык кодексинде салык салууга карата эки негизги мамиле каралган: жалпы салык жана атайын салык режими.

Атайын салык режимине патенттин негизиндеги салык, бирдиктүү салык, эркин экономикалык аймактарда иштегендер үчүн салык режими, жогорку технологиялар паркы жана майнинг салыгы, электрондук коммерция чөйрөсүндөгү ишке салыктар кирет.

Эгер ККМди милдеттүү түрдө колдонуу боюнча талаптар аткарылганда товар жүгүртүүсү 8 миллионго чейинки ишкерлер быйыл эч кандай салык төлөшпөйт.

Ал эми товар жүгүртүүсү же кызмат көрсөтүү көлөмү 8 миллиондон 30 миллион сомго чейинкилер айыл чарба продукциясын кайра иштетүү, өндүрүштүк чөйрө жана соода үчүн накталай формада 4%, накталай эмес формада 2% салык төлөйт.

**- Ал эми 30 миллион сомдон ашкан учурда кандай салыктар алынат?**

- Учурда 30 миллион сомдон ашык жүгүртүүсү бар ири бизнестин субъекттери жалпы салык режиминде иштешет.

Жалпы салык режиминде киреше салыгы, сатуудан алынуучу салык, кошумча нарк салыгы (КНС) сыяктуу негизги салыктар каттоо босогосу жок каралат, башкача айтканда, бул режимдин бардык субъекттери КНС төлөөчүлөр болот.

**- Жогоруда атайын салык режимине патенттин негизиндеги салык кирет деп айттыңыз. Патент менен кимдер иштей алат жана аларга кандай негизде салык чегерилет?**

- Мурда милдеттүү жана ыктыярдуу патент деп экиге бөлүнчү. Милдеттүү патентке мурунку салык кодекси боюнча валюта алмаштыруучу пункттар, ломбарддар, стоматология, сулуулук салону, унаа жуучу жайлар жана башкалар болуп 10 түрү каралган . Азыр булардын баары атайын салык режимине кирип калды. Себеби, милдеттүү патент жоюлуп, ыктыярдуу патент калды. Ыктыярдуу патенттин негизиндеги иштин түрлөрү оптималдаштырылмакчы. Аны менен иштеген жеке ишкерлерге болжолдуу товар жүгүртүүсүнө, жайгашкан ордуна жараша салык ченемдери коюлат. Мисалы “Дордой” базарында борбордук өтмөктөрдө соода көлөмү чоң болгондуктан алардын патенти 8 миң сом болсо, чет жактары 1000 сомду түзөт. Салык чегерүүдө хронометраж деген түшүнүк бар. Мисалы, базарда 100 контейнер болсо анын он чакты контейнерине салыкчылар отуруп, хронометраж жасайт. Бир күндө орточо канча акча түшөт, тапкан пайдасы канча жана башка учурлар эске алынып орточо эсебин чыгаруу менен патент баасы чыгат.

Ушул жерде экономикалык иш жүргүзүү үчүн аянтты, анын ичинде базарлардагы (чакан рынoктордогу), соода борборлорундагы жана үйлөрдөгү соода орундарын ижарага берген субъект ижара келишиминде ижарачы милдеттүү түрдө ККМди колдонуу талабы белгилениши керектигин айта кетким келет. Талапты аткарбоо келишимди бир тараптуу тартипте бузууга алып келет.

**- Аймактарда деле кичине эмес соода борборлору бар. Аларга кандайдыр жеңилдиктер каралганбы?**

- Алар да патент менен иштешет. Калктын саны, жайгашкан жерине жараша салык өлчөмдөрү белгиленет. Аймактардагылар үчүн патент арзанираак каралган.

**- Коомдук тамактануу 8% салык салууга нараазылык болуп жатат. Бул чындап эле көп эмеспи?**

- Бул боюнча маалымат алдым. Аны 6%га түшүрүү боюнча мыйзамга өзгөртүү киргизүү үстүндө иш жүрүп жатат.

**- Айыл жериндеги дыйкан-фермерлер үчүн баягыдай эле жер салыгы калдыбы?**

- Айыл чарба салыгы алынып ташталды. Соцфонддун гана төлөмдөрүн төлөшөт. Мына, шаарда товар сатсаңыз товар жүгүртүүңүз 8 миллионго жетпесе бир тыйын да салык төлөбөйсүз. Айылда жер иштетсеңиз жер салыгын төлөбөйсүз. Бул дал ошол кичи ишкерчиликке колдоо болуп жатпайбы.

Дагы бир белгилеп койчу жакшы нерсе, тигүү тармагы үчүн бирдиктүү салык боюнча төмөндөтүлгөн ченем кирди. Тигүү тармагы 2027-жылдын 1-январына чейин жалпы товар жүгүртүү көлөмүнөн 0,25% өлчөмүндө гана салык төлөйт.

**- Демек, салык төлөөчүлөр үчүн реалдуу жана ыңгайлуу салык ченемдери киргизилиптир. Анда эмнеге нараазылыктар болуп жатат деп ойлойсуз?**

- Көбүнчө түшүнбөстүктөр болуп жатат окшойт. Бирок, бул салык кодекси салык төлөөчүлөргө тапкан пайдаңа жараша салык төлөөнү кепилдик кылат. Мисалы, бүгүнкү күнгө чейин “Дордойдо” 1-өтмөктө дүңүнөн саткан сатуучу менен чекене соода кылган адамдын патенттик ставкасы бирдей болчу. Өтө чоң көлөмдө соода кылып, чоң пайда көргөн адам менен чекене соода кылып анча-мынча пайда көргөн адамдан бирдей салык алуудан кетип жатабыз. Бир айлык товар жүгүртүү көлөмү 8 миллион сомго жетпесе эч нерсе төлөбөгүлө деп жатат. А эгер чоң көлөмдө товар жүгүртүүң болсо, ошого жараша салык төлөшүң керек.

**- Президент “Дордой” жана Ош базарларына барганда атайын тиркемени смартфонго жүктөп алып иштей берсеңер болот деп айтты. Мына ушул тиркеме боюнча айтсаңыз?**

- Кассалык көзөмөлдөө машинанын эки түрү бар – аппараттык жана программалык. Аппараттык кассалык машиналар соода түйүндөрүндөгү маалыматтарды онлайн өткөрүп берүүчү аппарат болуп саналат. Ал эми программалык кассалык аппарат булар өздүк компьютерге, планшетке, уюлдук телефонго жүктөп алып, колдонгонго тиркеме катары иштелип чыккан. Ал акысыз эле жүктөлүп алынат. Азыр программалык кассалык аппараттарды 17 чарбалык субъект тейлеп жатат. Бул ишкерлер үчүн эң жеткиликтүү альтернатива катары кассалык аппараттын ролун аткарат. Бүгүнкү күндө кассалык чектер кагаз жана электрондук болуп эки түргө бөлүнөт. Электрондук чектерди кардарлардын уюлдук телефонунун номерине смс катары же электрондук дарегине жиберсе болот. Эгерде ишкер программалык кассалык аппаратты иштетип жаткан учурда кардар кагаз түрүндө чекти сураган учурда чек басып чыгаруучу принтерин сатып алуусу керек. Принтер кымбат деле эмес, 1000 сомго сатып алууга болот.

Министрлер Кабинетинин тапшырмасынын алкагында ККМди соода түйүндөрүндө жайылтуу максатында бүгүнкү күндө мамлекеттик үлүшү бар "РСК банк", "Айыл банк" жана "Керемет банк" банктарына 9 миң даана гибриддик ККМ (пост терминал жабдыгы орнотулган) жайылтуу тапшырмасы берилген. Учурда РСК банкы тарабынан 1300 гибриддик ККМ сатылып алынды. Ошондой эле Керемет банкы 1000, Айыл банкы 3000 даана сатып берип, ишкерлердин соода түйүндөрүндө орнотуу иштери жүрүүдө. Андан сырткары да бүгүнкү күндө Мамлекеттик салык кызматы (МСК) 10 000 даана ККМ сатып алуусу үчүн 221 млн сом бюджеттен бөлүү маселеси каралып жатат.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

## ЖАҢЫ САЛЫК КОДЕКСИНДЕ КАНДАЙ ЖАҢЫ ЭРЕЖЕЛЕР БАР?

- Салык төлөөчү тарабынан салыктык милдеттенмелерди аткаруунун жеңилдетилген режимин колдонууну сунуштаган ченем киргизилди. Бул - Салык төлөөчү отчеттук маалыматтарды берген учурда анын салык карызы жок болсо жана салык отчету берилген учурдан тартып 15 күндүн ичинде салык калдыгынын толук суммасын төлөсө салыктык текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча эсептелген туумдун жана салыктык санкциялардын 50%ын төлөөдөн бошотуу дегенди билдирет.
- Салыктык текшерүүлөрдү жүргүзүү боюнча "аралыктан контроль" жаңы ыкмасы киргизилүүдө. Пландуу текшерүү аралыктан жүргүзүлүшү мүмкүн.
- Каржылоонун ислам принциптеринин негизиндеги салык салуу киргизилди, демек ислам институттары жана мамлекеттери тарабынан экономиканын тармактарын каржылоону көбөйтүү үчүн шарттар түзүлөт.
- Жаңы салык кодексинде чет өлкөлүк компанияларга ("GOOGLE" жана башкалар) жана электрондук коммерцияларга салык салууну караган ченем киргизилген.
- Бир катар тармактар, анын ичинде зергерчилик, авиациялык тармак (жогорку наркка байланыштуу учактарды алып келүүгө) КНС боюнча жеңилдиктер, ал эми электробустарды алып келүүгө КНСтен бошотуу каралган.
- Салык кодексинин ченемдеринин ортосунда карама-каршылыктар келип чыккан же салыктык укук мамилелерин жөнгө салуу үчүн зарыл болгон ченемдер жок болгон учурда салык же сот органдары салык төлөөчүнүн пайдасына чечим кабыл алышат.
- Милдеттүү патенттин жана салыктык контракттын негизиндеги салыктар жоюлду.

## “ЧЕКТИ ТАЛАП КЫЛ, СЫЙЛЫК АЛ”

Учурда мамлекетибизде кассалык-көзөмөлдөөчү машинаны колдонуу боюнча масштабдуу иштер жүрүп жатат. Ушул жерде мен салыкчы катары жарандарыбызга кайрылып, кассалык чекти талап кылууга чакырат элем. Азыр Салык кызматтары бардык жерге көрүнүктүү кылып жазып, илип койсо да кассалык чекти сураган эч ким жок. Баарыбыз мамлекетке жардам берели десек, кимибиз кайсы жерге барбайлы кассалык чекти алышыбыз керек. Азыр “Чекти талап кыл, сыйлык ал” деген долбоорду ишке киргизүү боюнча Министрлер Кабинети карап жатат. Андыктан жарандарыбыз кассалык чекти чогултуп, лотереядан утушка ээ болушу толук мүмкүн.

Өнөр дүйнөсү

**Кыргыз Республикасынын эл артисти, Калый Молдобасанов атындагы Кыргыз улуттук консерваториясынын ректору Муратбек БЕГАЛИЕВ:**

# "КОНСЕРВАТОРИЯ “УЛУТТУК” ДЕГЕН МАКАМ АЛГАН АЛГАЧКЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙ"

**- Муратбек агай, улуттук консерваториянын түзүлгөнүнө 30 жылга жакындап калыптыр. Бул убакыт аралыгында окуу жай кандай жолду басып өттү. Азыркы абалы кандай?**

- Албетте, 29 жыл ичинде Улуттук консерватория көптөгөн баскычтардан өтүп, чоң-чоң ийгиликтерге жетишти. Аракет кылсаң, берекет болот демекчи бүткүл дүйнөлүк, эл аралык масштабдарда талыкпаган аракеттерди жасап, кыргыз элинин музыканттарынын кесипкөйлүгүн арттырууда жаныбызды үрөп, тынбай иштедик.

Консерванторияны түптөө менин идеям болгон. Бирок, окуу жайды ачууда көп талаш-тартыштар жаралганын жашырбайм. Мезгил өзү дайыма адамдардан жаңыча иштөөнү талап кылып турат. Биз да эгемендүүлүк алган жылдарда өлкөдөгү музыканттардын кесипкөйлүк деңгээлин сактап калуу жана андан ары улантууга багыт алууну жоопкерчилик катары кабылдаганбыз. Анткени, элибиз таланттарга бай эмеспи. Чыныгы таланттар ошол жылдары жогорку деңгээлдеги музыкант болууну самашчу. Профессионалдык музыканын чордону болгон Италия, Франция, Англияга барып, чыныгы операны көрсөк, уксак, оркестрлердин, дирижёрлордун ишин жанынан көрсөк деп тилек кылышар эле. Эгер ошол мезгилде консерваторияны негиздебей, бул тармакты кароосуз калтырганыбызда кыргыз профессионалдык, классикалык музыкасы эле эмес, жалпы маданиятыбыздын ал-ахыбалы азыркыдай деңгээлге жетпейт беле деген ой келет. Азыр биздин таланттуу жигит, кыздарыбыз Европа, Россия, Америка өлкөлөрүндө эмгектенип жүрүшөт. Дүйнөнү кыдырып жүргөн мыкты таланттарыбыз бар. Өлкөбүздөгү бардык оркестрлерде иштеген улан-кыздардын дээрлик баары биздин окуу жайдын тарбияланууучулары.

**- Сиздин пикириңизде музыкант деген ким, алар кандай сапатка ээ болушат?**

- Билесизби, чыныгы музыкант бул интеллектуалдык деңгээли бийик, билимдүү, маданияттуу, чар тарабы төп келген адам болот. Алардын аброю дүйнөдө дайыма жогору бааланып келген. Ал тургай кесипкөй музыканттар руханий жактан эң бай интеллектуал адамдардын катарын толукташкан. Бирок, акыркы убактарда коомчулук классикалык музыканын баркын билбей, жеңил-желпи музыкага ыктап бара жатышканы ачык байкалат. Бул жаштардын жалпы эле жашоого, дүйнөгө болгон көз карашы, психологиясы өзгөрүп баратканынан кабар берет. Мен ушул көрүнүшкө түйшөлөм, катуу капаланам. Кандай болгон учурда да чыныгы классикалык, бийик деңгээлдеги музыка дайыма жашашы керек. Аны алып жүрүүчүлөрдү даярдаган окуу жайлар мамлекет тарабынан колдоого алынып, элибиздин келечеги үчүн иштеп турушу өтө зарыл деп эсептейм. Улуттук консерватория 1993-жылы негизделип, 1998-жылы “улуттук” деген статуска ээ болгон. Анда 4 факультет жана 13 кафедра иштеп, 500дөй студент билим алат. Тандалып келген студенттерибизге 100дөн ашык белгилүү искусство ишмерлери, СССРдин эл артисттери жана КРнын эл артисттери, илимдин кандидаттары, докторлору жана профессорлор жогорку деңгээлдеги музыкалык билим беришет. Ал эми бир нече жыл мурда окуу жайга Калый Молдобасановдун ысымы ыйгарылган.

**- Окуу жайдын “улуттук” деген макамы бар. Өзгөчөлүгү эмнеде?**

- Консерватория негизделгенден кийин мен бул окуу жай “Улуттук” деген макамды алууга керек деген ойго келгем. Анткени, башка жогорку окуу жайларына салыштырмалуу мында 30-50 миң студенттин ордуна 500 гана тандалган таланттар окушат. Андыктан, биз Кыргызстанда биринчилерден болуп “улуттук” деген макамды консерваторияга сунуштап чыкканбыз. Бул сунуш менен ошол учурдагы КР Президенти Аскар Акаевдин кабылдамасына баргам. Бирок, ал киши дароо эле: "Ой, Муратбек Акимович, чоң театрларда деле "академиялык", мамлекеттик деген статусу бар го?!", - деп жылмайды. Ал киши ушундай макам болсо, мугалимдердин айлыгы да жогору болот деп мени бир чети тамашалап, экинчиден сынагандай да таризде айтты. Ошондо мага “улуттук” деген сөз “улутчулдукка” жакындап кетпейби?! - дегендей суроону да узатканы эсимде. “Улуттук" деген сөздүн улутчулдукка такыр тиешеси жок экендигин ал жакшы билерин туюп турсам дагы далилдөөгө аракет кылдым. Себеби, ошол кезде Европада ушундай макам алган оркестрлер көп болчу. Ар бир өлкөнүн өзүнүн сыймыктанган улуттук консерваториялары бар эле. Алар азыр да ийгиликтүү эмгектенип жатышат. Мен ошол окуу жайлар жана оркестрлердин ишмердүүлүгүн беш жылдан ашык талдап, изилдеп көрүп, “ улуттук” деген макам “жалгыз” же “элдин, мамлекеттин сыймыгы"деген түшүнүктү берерин билгем. Аскар Акаевге ушул нерсени түшүндүрүп берген соң, ал макулдугун берип Кыргыз Республикасында биринчи болуп биздин окуу жай “улуттук” деген макамды алып, Кыргыз Республикасында бул термин статус–макам катары киргизилген. Мен бул тууралуу эч бир жерге маек берип айткан эмес элем. Сизге биринчи жолу айтып жатам.

**- Консерваторияда канча мугалим эмгектенет?**

- 119 жогорку квалификациялуу мугалим эмгектенет. Алардын аксакалдары жогорку музыкалык билимди мурда чет өлкөлөрдөн алып келгендер. Ал эми жаш мугалимдерибиз консерваториябыздын эле тарбияланууучулары. Жыл сайын бүтүрүүчүлөрдүн эң мыктыларын тандап, шыгы барларын окутуучу кылып алып калабыз. Негизи адамдын калыптануусуна мугалимдин ролу абдан чоң. Мен өзүм тууралуу эле айта турган болсом "чыт курсак бала" кезимде биздин айылга иштегени келишкен орус тилинен, дене тарбия жана музыка сабагынан берген үч мугалимге таасирленип, ушул өнөр жаатын тандагам. Кийин музыкадан эң мыкты деген мугалимдерден сабак алдым. Москвада окуп, Францияда, Германияда тажрыйба алдым. Эң оболу мени жакшы мугалимдер калыптандырган. Андыктан, мен да консерваториянын мугалимдери мыкты болсун деген аракеттин үстүндө жүрөм. Окуу жайга улуттук макамын алганда алардын айлыктарын да жогору коюп берүү үчүн көп эмгек жасадык. Бирок, азыр мындан көп жылдар мурда коюлган айлыктар салыштырмалуу аз эле болуп калды. Маданият мекемелериники бир нече жолу көтөрүлсө да, биздики эмнегедир ордунда эле турат. Жакында тиешелүү тараптарга кайрылып мугалимдердин айлыгын көтөрүү боюнча маселе козгойлу деп турабыз.

**- Музыкалык аспаптарды кайдан аласыздар?**

- Музыкалык аспаптар боюнча маселе абдан оор. 1996-1997-жылдары биз Японияга атайын долбоор жазып жөнөткөнбүз. Атайын "Кыргыз Республикасынын консерваториясына" - деп Япония мамлекетинин "Ямаха" фирмасы бизге бекер аспаптарды берген. 10 чакты рояль, 2-3 пианино, бирден-экиден музыкалык аспаптарды кыргыз бийлиги өзү кабыл алып, бизге өткөрүп берген. Ошондон бери аспаптарыбыз жаңылана элек. Маданият министрлиги аркылуу да бирин-экин музыкалык аспаптарды алып жатабыз. Бизге учурда концерттик рояль абдан керек болуп турат. Бирок, жакшы музыкалык аспап өтө кымбат турат.

**- Музыкалык аспаптарды канчага чейин колдонсо болот?**

- Музыканын бир өзгөчөлүгү – анын түбөлүктүүлүгүндө. Николо Амати, Антонио Страдивари жана Джузеппе Гварнери сыяктуу музыкалык аспап жасоочу усталар жасаган аспаптардын баасын ченеп айта албайсың, өтө кымбат. Алар да түбөлүктүүдөй сезилет. Казакстандык музыкант, скрипач Айман Мусаходжаева убагында Казакстандын президентине кайрылып жатып, Страдиварининин скрипкасын алып бергилечи деп суранып алдыртып алып, азыр да дүйнөнү кыдырып ойноп жүрөт. Билген кишиге ошол баалуу аспап мамлекеттин руханий байлыгы, андай баалуу музыкалык аспаптарды сатып алган мамлекет өзүнүн эл аралык маданий середе ээлеген ордун тастыктайт.

**- Кыргызстанда улуу усталар Амати, Страдивари, Гварнери жасаган аспаптар барбы?**

- Биздин өлкөдө дээрлик жок. Бирок, биздин эки уулубуз чет мамлекетте ошол усталардын колунан жаралган скрипкада ойноп жүрүшөт. Алардын бири – Даниэль Лозакович. Кыргызга жээн болот. Бул баланын атасы еврей, апасы кыргыз улутунан. ММКларга берген маектеринде улутун сураган журналисттерге "еврейлерде эне тарабын айтат. Мүмкүн мен кыргызмын" деп жооп берип жүрөт. Ошол жаш жигит азыр дүйнөдөгү эң алдыңкы скрипачтардын бири. Азыр Швециянын борбору Стокгольмдо жашайт. Ал эми биздин тарбиябызды алып кеткен Жумаш Дурусалиев да Королдук окуу жайын бүтүрүп, Англияда төбөсү көрүнгөн музыкант-скрипач катары эң сыйлуу.

**- Агай, сиз көп аракет жасап келе жатасыз. Бирок, өзүңүз белгилегендей азыр коомчулук жеңил-желпи музыкага көп ыктап баратат. Жаштар арасында кесипкөй музыкант болом дегендер азыр көп элеби?**

- Өзүн өстүрүүнү каалагандар көп. Музыкалык билим алуу бул "ийне менен кудук казгандан" да кыйын иш. Биздин окуу жайдын студенттери кандай эмгек менен чыныгы классикалык музыкант болгонун өздөрүнөн сурасаңыз айтып беришет. Окуу жайдын мугалимдери студенттер менен күнүнө 8 сааттан ашык практикалык түрдө иштешет. Дегеле дүйнөлүк кесипкөй музыканттар, композиторлор, дирижёрлор такыр эле эс албаган адамдар болушат.

Бирок, кесипкөй музыкант болом деген жаштар көп болгону менен ага кызыгуу жоголуп баратканда сезилет. Эгер беш баллдык шкала менен алсак жоон орто баа койсок болот. Бул биздин күнөө эмес. Ал убакыттын өтүшүнө, коомдун өзгөрүшүнө жараша болууда. Азыр атайын техниканын жардамы менен оңой музыка жасап, угууга кызыгуу көп. Мен студенттериме дайыма телевизорго чыкканга, клип тартканга аракет жасабагыла, силер мыкты музыкант болсоңор телевидение силерге өзү чуркап келет деп айтам.

**- Жакшы музыкант болуу үчүн талант маанилүүбү же эмгекпи?**

- Студенттеримден дайыма бир күндө канча саат бар деп сурайм. Алар 24 саат деп жооп беришет. Анда мен аларга биздин музыканттар бир суткада "25 саат" музыкалык аспапта ойношу керек деп баса белгилейм. Анткени, чыныгы музыкант болуу өтө кыйын. Музыкант көнүгүүлөрдү жасап, машыгышы керек. Формасын сактоосу зарыл. Улуу музыканттарды өтө сыйлайм. Мисалы, улуу дирижёр Валерий Гергиев өтө аз уктайт, көп эмгектенет. Журналисттерге берген маектеринде участка гана уктаарын айтып жүрөт. Музыканттар өзгөчө адамдар да. Алар музыканы, аспапты сезе билип, жан дүйнөсү менен ошол багытка сүңгүп кирип кетиши керек. Эгер таланты ташкындап турса, бирок жалкоолукка берилип, машыкпай койсо ал формасын сөзсүз түрдө жоготот. Музыкант формасын жоготсо, ийгилик жарата албайт.

**- Азыр обончулар көбөйүп, ал эми композиторлор азайды го?!**

- Композитор деп эң азы 15-20 жыл музыканы аркалап, билим алган, чыгармачылык менен алектенген "фанат" адамдарды айтабыз. Мурда композиторлор союзу клавир, партитура, симфония жазганды билет, "билими күчтүү – миңди жыгат" деп музыканттарга ушул макамды ыйгарышчу. Азыр андай композиторлор бирлиги жок. Негизи, музыка жазуу менен обон чыгаруунун айырмасы өтө чоң. Биз көптөгөн обончулардын нота тааныбагандарына же билими жетпегендерге, обондорун нотага түшүрүп берчүбүз. Мисалы, Калыйбек Тагаев, Рыспай Абдыкадыров, Асанкалый Керимбаев, Аксуубай Атабаевдер эч качан өзүн композитормун деп айтчу эмес. Биз обончубуз дешээр эле. Азыр бир обон чыгарып алып маашырлангандар көп. Бирок, музыка менен кесиптик жогорку деңгээлде мамиле түзөм дегендер аз. Акыркы мезгилде биздин консерваторияны бүтүргөн жаш профессионал композиторлордун жоон тобу өсүп чыкты. Алар биздин ишеничибиз, элибиздин келечеги. Биз ошого чексиз кубанабыз, ушуну менен сыймыктанабыз!

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

## КОМПЬЮТЕРДИК ЖАБДЫКТАР БЕРИЛЕТ

***КР Билим берүү жана илим министрлиги Дүйнөлүк банк тарабынан каржыланган "Келечек үчүн билим берүү" долбоорунун алкагында Кыргызстандагы 1200 мектепке (жалпы мектептердин санынын 56%ы) жана 8 педагогикалык колледжге компьютердик жабдыктарды жана техникалык каражаттарды берет. Бул маалыматты аталган министрликтин басма сөз кызматы билдирди. Мектептердин технологиялык муктаждыгын толуктоо аркылуу окуучулардын заманбап, сапаттуу билим алуусуна шарттар түзүлөт.***

Ар бир мектепке берилүүчү компьютердик жабдыктардын жана техникалык каражаттардын топтомунда 20дан персоналдык компьютер, 6дан проектор, 2ден тармактык коммутатор (хаб), 1ден көп функционалдуу жабдык (принтер+көчүрүү+сканер) жана UPS (үзгүлтүксүз электр энергиясын камсыз кылуу жабдыгы) бар.

Жалпы республика боюнча 24 168 компьютер, 7 208 проектор, 2 408 тармактык коммутатор, 1 208 MFP (принтер + көчүрүү + сканер) жана UPS менен камсыз кылынат. Мындан тышкары, 1200 мектептин компьютердик класстары 15 компьютердик үстөл, 15 отургуч жана системалык блок үчүн 15 шкаф менен камсыздалат.

## АЙРЫМ ЖОЖдордун ДЕҢГЭЭЛИ ТӨМӨН

***"Кабар" улуттук маалымат агенттигинде өткөн маалымат жыйынында айрым медициналык жогорку окуу жайларында билим берүүнүн сапаты талапка жооп бербей тургандыгын КР саламаттыкты сактоо министринин орун басары Жалалидин Рахматуллаев билдирди.***

Анын айтымында, эл арасында медициналык ЖОЖдорду аяктаган медицина адистерине айтылган сындар, нааразычылыктар көп. Андыктан медициналык жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн кайрадан карап чыгуу зарыл. Аларга лицензияны Билим берүү министрлиги берсе, форма 06ны Саламаттык сактоо министрлиги берет. Адам өмүрү менен күрөшүү медкызматкерлердин билим деңгээлине көз каранды. Айрым медициналык ЖОЖдордо билим берүүнүн деңгээли төмөн. Министрдин орун басары бул үчүн чара көрүү зарылдыгын жана Саламаттык сактоо министрлигинде жакын арада комиссия түзүлөөрүн айтып, өлкөдө медиктерди 22 ЖОЖ даярдап чыгарарын, анын ичинде бешөө мамлекеттик, калган 17си жеке жогорку окуу жай экендигин кошумчалады.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**

2022-жыл – Тоолордун экосистемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы

# БАР БОЛ, АЛА-ТОО!

Ала-Тоо десе кыргыз элин, кыргыз эли десе Ала-Тоону билебиз. Кылымдардан бери экөө эгиздей бири-бири менен бекем байланышта келе жатышат. Ала-Тоодо жашоо-тиричиликтин булагы болгон мөңгүлөр жатат. Ала-Тоодо дайыма ары-бери тынбай удургуп турчу булуттар менен тазаланып турган таза аба бар. Тээ бийик аска кырындагы кылдай ичке кыя жолдор менен чуркаган кайберендер, көзгө илешпей секирген илбирстер, андан ылдыйрааста карышкыр, түлкүлөр, аюулар, суурлар, айтор сейрек кездешүүчү жапайы жаныбарлар бар. Ал эми жайыт жерлериндеги өсүмдүктүн түрлөрү, гүлдөрүчү. Ушулар менен эриш-аркак болуп кыргыз эли эзелтеден бери көчмөн турмушта жашап, Ала-Тоону канына сиңирди.

Мен чабандын баласы болуп бала кезимди тоолордо өткөргөндүктөн Президент С.Жапаровдун 2022-жылды "Тоо" жылы деп жарыялаганы, мындай саамалыкты өткөн жылы БУУга мүчө өлкөлөрдүн колдошкондуктары мени аябай кубандырды. Анткени, жайкысын ашуу ашып, жайлоого көчүп кой айдап жүргөн мендей тоолук жигиттерге, айрыкча Ала-Тоо аябай жакын сезилет. Июнь айынын башында жайкы каникулга тарагандан кийин эле атам менен кой кайтарып, анан сыртка кетчүбүз. Бир төөгө чатырды, үй ооктатарын жүктөп, аны жетелеген апам бизге кошулуп кой артында жүрчү. Тоңдогу Коңур-Өлөң ашуусун ашып кетчүбүз. Ашуунун түбүнө барып конгон кездеги айланадагы кооздукту, сулуулукту айтпа, көз жоосун алат. Аркайган аскалар, аны аралап ары-бери зуулдаган булуттар, тээ бийиктеги кыя жолдордон "шытыр-шытыр" этип кум-таштарды куюлткан кайберендер, шаркыраган суулар, жылт-жулт этип чокулары күнгө чагылышкан Ала-Тоо. Мунун бардыгы мага бүгүн жомоктой туюлат. Эмне дегенде алардын азыр кунары качып, бозоруп турат. Ал кезде эч түгөнбөчүдөй сезилген мөңгүлөр ээрип, суулар азайган, кыя жолдордон чубаган кайберендер сейрек. Көк жатакта желге ыргалып турчу гүлдөрү да негедир азайып, көңүлсүз айлана томсорот. Жада калса кокту-колоттордо "аңкуштап" куйруктарын булгактатып жүргөн суурлар да аз. Ар ким териси үчүн ата берип, алар өтө эле азайып кеткен. Жаратылыштын мына ушундай жабыркап тургандыгын эл да жон териси менен сезүүдө. Жыл өткөн сайын кышкысын кар аз жаап, дыйканчылык кылгандар кургакчылыктан жабыр тартышууда. Булардын бардыгы Жер шары боюнча аба 1-2 градуска жогорулап, Түндүк муз океанындагы, Антарктидагы муздардын, тоо кыркаларындагы мөңгүлөрдүн акырындап эришине алып келүүдө. Азыр өнүккөн көп өлкөлөрдө абаны булгап, буза турган заттардан баш тартып, жашыл экономикага өтүү мерчемделүүдө. Аймагынын 90 пайыздан ашыгын тоолор ээлеген өлкө катары Кыргызстан демилге көтөрүп, мөңгүлөрдү сактап, экологияны коргоп калуу максатында жакынкы аралыкта абаны булгай турган нерселерден баш тартып, газды, суу ресурстарын, Күн энергиясын, шамалды пайдалануучу иш-чараларды белгилөөдө.

"Сен ооруба, мен ооруюн Ата-Журт", деп илгери эле атактуу акыныбыз Алыкул Осмонов айткандай Ата-Журтту, Ала-Тоону оорутпай таза кармоо, таза сактоо ар бирибиздин жарандык парзыбыз. Өткөн жайда Бишкектен алыс эмес Ала-Арча капчыгайына барып туш келди ыргытылган, жайнап жаткан таштандылардан көңүлүбүз иренжиди. Кооз жерге келип эс алдыңбы, ал жерди да сыйлап ала келген ыпыр-сыпырыңды ала кетип, таштанды таштоочу жайга таштабайсыңбы. Ушул оор ишпи? Жок, оор эмес, бирок кайдыгерлик, өз жерин сыйлабаган текеберлик үстөмдүк кылып жатпайбы. Жерин сыйлабаган элин сыйлабайт дейт. Ооба, таштандыны бир күн, эки күн, бир ай тазалайсың. Адамдардын аң-сезимин тазаламайынча жерибизди дегеле таза кармоого мүмкүн эмес. Ошон үчүн ар кимибиз аң-сезимибизди өзгөртүп, жашаган жерибизди, Ала-Тоону барктайлы. Элибиздин каны-жаны менен бир бүтүп, алардын жашоотиричилигине эриш-аркак болуп келаткан Ала-Тоо, түбөлүккө бар бол!

**Жума МАМБЕТОВ,**
**Эл аралык "Түгөлбай Ата" коомунун сыйлыгынын ээси, акын, журналист**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 1-ОКТЯБРЫНДАГЫ №510 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА 2021-2025-ЖЫЛДАРЫ МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ТИЛ САЯСАТЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ПРОГРАММАСЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашырууга бөлүнгөн каражаттарды оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 "Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Бекитилсин:

- Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы (мындан ары - Программа) 1-тиркемеге ылайык;

- Программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча жумушчу топтун курамы 2-тиркемеге ылайык.";

2) 2-пунктунун 2-пунктчасындагы "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссияга" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

3) 3, 4-пункттары төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инен кечиктирбестен Программаны ишке ашыруунун жыйынтыгы боюнча отчетту Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына берсин.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткаруу контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.";

4) токтом ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы 2-тиркеме менен толукталсын;

5) жогоруда аталган токтомдун тиркемесинде:

- оң жактын жогорку бурчундагы "Тиркеме" деген сөз "1-тиркеме" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 7-главасынын экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Программаны ишке ашыруу үчүн талап кылынган каражаттардын көлөмү 2022-2025-жылдарга 237 550 000 сомду түзөт, анын ичинде 2022-жылга - 86 575 000 сом, 2023-жылга - 71 425 000 сом, 2024-жылга - 41 025 000 сом, 2025-жылга - 38 525 000 сом каралган.";

- Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасына тиркеме ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 7-февралы, №67***

## 2022-ЖЫЛДЫН 10-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАР ҮЧҮН КӨРНӨКТҮН ЖАНА КАЛЕНДАРДЫН ТЕКСТТЕРИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8, 10-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» 2022-жылдын 8-февралындагы ПЖ №31 Жарлыгынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2022-жылдын 10-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош жана Чүй облустарынын айрым жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо шайлоо участкалар үчүн көрнөктөрдүн жана календардын тексттери тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2022-жылдын 11-февралы, №15***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Жер байлыгы – эл байлыгы

# “КУМТӨР” УЗУРУН БЕРЕ БАШТАДЫ

**Кыргыз Республикасынын аймагында жалпысынан 302 алтын жана алтын аралаш кен чыккан жерлер бар. Буга темир, жез, калай, күмүш, алюминий, сымап, сурьма, кобальт, вольфрам сыяктуу кендерди кошкондо алардын саны 382ге жетет. Көмүрдүн да ири кору орун алган. Бүгүнкү күндө “Кумтөр” жана “Жерүй” алтын кендеринен мамлекеттик казынага ири киреше түшө баштады. Ошондуктан, тоо-кен тармагындагы жалпы абал, лицензияларды берүүдөгү коррупция маселеси, көмүр өндүрүүдөгү көйгөйлөр тууралуу маалымат алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Тоо-кенчилер жана геологдор биримдигинин төрагасы, техника илимдеринин доктору Дүйшенбек Камчыбековго бир нече суроолор менен кайрылдык.**

**– Дүйшенбек Кыргызбаевич, өнөр жай тармагын алдыга тарткан, мамлекеттик бюджетке ири киреше берген “Кумтөр” баштаган тоо-кен тармагынын өлкөбүздүн экономикасынын жогорулашына кошкон салымы жана алар менен сиздердин уюм кандай иштешип жаткандыгы тууралуу маалымат берип кетсеңиз?**

– Биздин бирикме тоо-кендерин иштетүү тармагында иш жүргүзгөн ишканаларга көзөмөл жүргүзүү, сунуш, кеңеш берүү иштери менен алектенет. Тоо-кен тармагынын экономикалык көрсөткүчтөрүнө токтолсок, 2021-жылы бир топ жылыштар болду. Мисалы, 2020-жылы тоо-кен тармагынан мамлекеттик бюджетке 18,2 миллиард сом акча каражат түшкөн болсо, былтыркы жылдын жыйынтыгы менен бул көрсөткүч 23 миллиард сомго жогорулаган (дээрлик 5 миллиард сомго чейин өсүү болду). Мында “Кумтөр”, “Жерүй” жана башка алтын өндүргөн компаниялардын кошкон салымы зор. Ошондой эле көмүр казган ишканалар да мамлекеттик бюджетке олуттуу салым кошушту. Жогоруда айтылган каражаттан сырткары, жергиликтүү элге да социалдык пакеттин негизинде ар кандай жардамдар көрсөтүлдү.

**– “Кумтөргө” сырткы башкаруу киргизилип, өзүбүздүн адистер толугу менен иштете баштагандан бери кандай өзгөрүүлөр болду?**

– “Кумтөргө” сырткы башкаруу 2021-жылдын 17-майында кирген. Ага чейин “Центерра Голд” компаниясы 4,2 тонна алтын өндүргөн болчу. Учурдагы “Кумтөр Голд” компаниясынын жетекчилиги тараткан маалымат боюнча алар 2021-жылды 14 тонна 561 кг алтын казып алуу менен жыйынтыкташкан. Бул жыл башындагы “Центерра” кабыл алган пландан 60 килограммга аз болуп калды. Бирок, муну биз жакшы көрсөткүч деп бааладык.

Анткени, Кыргыз Республикасы “Кумтөргө” сырткы башкаруу киргизген кезде “Центерра” бут тосуп, алтын кенди иштеткен “Кумтөр Голд Компани” (КГК) менен “Кумтөр Оперейтинг Компани” (КОК) ишканаларын “банкрот болду” деп жарыялайбыз дешкен. Кыргыз Республикасын Нью-Йорк шаарындагы, ошондой эле Лондондогу эл аралык сотко беришти. Тетиктерди алып келүү иштерин үзгүлтүккө учуратышты. Ушул жана башка тоскоолдуктардын натыйжасында, “Кумтөрдөгү” иш таптакыр токтоп калышы мүмкүн болчу. Бирок, ошол жерде иштеп жаткан биздин адистер өздөрүнүн кесипкөйлүгүн көрсөтүп, кыйынчылыктан чыгып кете алышты. Болгондо да жакшы жыйынтык беришти. Маселен, “Центерра” компаниясы 2021-жылдын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын бюджетине 8,9 миллиард сом беребиз деп пландаштырган болсо, өзүбүз иштеткен мезгилден бери жылдын аягына чейин бул көрсөткүч 13,6 миллиард сомго өстү.

Биз бүгүнкү күндө сот иштеринин жыйынтыгы өлкөбүздүн пайдасына чечилишин күтүп жатабыз. Буга чейин “Кумтөр” кенинин айланасында бир топ геологиялык чалгындоолор жүргүзүлгөн. Ошонун жыйынтык маалыматтарын “Центерра” бербей жатат. Ал чалгындоолорго “Кумтөрдүн” миллиондогон доллар акчасы сарпталган. Бул маалыматтарды сүйлөшүү жолу менен алышыбыз керек. Себеби, биз “Кумтөр” алтын кенин 2031-жылга чейин иштетели деген ниетибиз бар. Биздин адистердин сунушу боюнча кенди жер алды менен казып алуу жолуна өтүп, экологиялык эрежелерди так сактасак, анда “Кумтөрдөн” дагы көп жыл алтын өндүрүүгө болот.

**– Коомчулукта кендерди иштетүүгө лицензия берүүдө коррупциялык көрүнүштөр орун алган деп айтылып келет. Ушул маселеге да токтолло кетсеңиз?**

– Акыркы маалыматтарга таянсак, кендерди иштетүүгө 2,5 миң лицензия берилген. Буга алтын баш болгон түстүү металлдар, көмүр, мунай жана курулуш материалдары боюнча кендер кирет. Бүгүнкү күндө берилген лицензиялардын максаттуулугу (келишим боюнча) 60-70 пайызга так, мыйзамдын негизинде иштеп жатат десем жаңылышпайм. Ал эми кээ бир компаниялар (көбү өзүбүздүн жарандар жана ишкерлер) лицензияны алышканы менен эч бир жумуш жасабай, убакытты гана өткөрүп жүрүшөт. Булардын максаты – эптеп эле чет өлкөлөрдөн инвестор таап, лицензияны кымбат баага сатып жиберүү (кыйласы сатылып дагы кетти). Демек, мындай адамдар лицензияны “өң тааныш” аркылуу коррупциялык жол менен алган. Азыр ушундай көрүнүшкө чекит коюш керек. Тиешелүү мамлекеттик укук коргоо органдары андайларды тергеп, иликтеп таап чыкса болот.

**– Эми көмүр маселесине өтсөк. Союз мезгилинде Кыргыз ССРи “Орто Азиянын кочегары” деген атка конгон. Себеби, биздин өлкө көмүр өндүрүү боюнча Орто Азияда биринчи орунда турган. Азыр көмүр өндүрүү маселеси кандай жүрүп жатат? Көмүр өндүрүүнү мамлекет өз колуна алса болбойбу?**

– Туура айтасыз. Биздин республика ал учурда 3-4 миллион тонна көмүр өндүргөн жогорку чекке жеткен. Ири көмүр кендери Кыргыз Республикасынын түндүк-түштүк регионунда кеңири жайгашкан. Бизде көмүрдүн түрлөрүнүн баары бар (кара көмүр, күрөң көмүр ж.б.). Азыркы мамлекеттик “Кыргызкөмүр” ААК ишканасы “Кара-Кече” көмүр кенинин базасында түзүлгөн. Бирок, бул ишкананын түндүк регионунун калкын көмүр менен толук камсыз кылганга мүмкүнчүлүгү, шарты да жок болууда. Биз Тоо-кенчилер жана геологдор бирикмесинин атынан Министрлер Кабинетине Кыргызстандын жалпы аймагын камтыган бир ачык акционердик коом (ААК) же холдинг компания түзүш керек деген сунуш менен кайрылганбыз. Анткени, түндүк жергесиндеги жана түштүктөгү Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Сүлүктү, Чоң-Алайда көмүр казып жаткан ишканалардын башын бириктирүү зарыл. Анан мамлекет тарабынан өнүктүрүү программасы иштелип чыкса, максатка ылайыктуу болот эле. Ошол программада бир жылда мамлекеттик мекемелерге, элге канча көмүр керек, канча жаңы техникаларды сатып алуу зарыл, көмүрдү ташуу жагын кайсыл мекемелер өз мойнуна алат деген сыяктуу бардык маселелер так көрсөтүлүүгө тийиш.

**– Республикабыздын аймагында алтын, көмүрдөн башка деле кендер бар да. Элибиз ошолордун пайдасын качан көрөт?**

– Биздин өлкөдө кендердин түрлөрү көп. Тоо-кенчилер жана геологдор бирикмеси 2009-жылы бул багытта чоң анализ жана болжолдуу экономикалык эсептөөлөрдү жүргүзгөн. Ошондо биз кендин 20 түрүн алганбыз. Мисалы, алтын, күмүш, темир, жез, калай, вольфрам, алюминий, сурьма, сымап, көмүр, мунай, курулуш материалдары жана башка кен байлыктардын корун алып, ошол убактагы рынок баасы менен эсептегенде 83 миллиард доллар таза киреше (бардык чыгашадан сырткары) түшөөрү болжолдонгон. Ошондуктан, азыр биздин мамлекетке алдыдагы 5 жылдыкка жана келечектеги 15-20 жылга карата тоо-кен тармагын кандай өнүктүрөбүз деген чоң программа керек. Анда реалдуу эсептелген бардык мүмкүнчүлүктөрүбүз камтылууга тийиш. Биз бул багытта бирикме тарабынан иштелип чыккан программабыздын долбоорун Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине бергенбиз. Азыркы кезде ошого карата иштер башталса, жардам бергенге даярбыз. Бизде билимдүү, такшалган адистер, көрүнүктүү тоо-кен геологдору, инженерлер жана Кыргызстанга эле эмес дүйнөгө белгилүү окумуштууларыбыз жетиштүү. Баарыбыз биргеликте конкреттүү программаны иштеп чыгып, анан жумушту ырааттуу баштасак, сөзсүз ийгиликтер жаралат.

**– “Кыргызалтын” ААК мамлекеттик ишканасы тууралуу да маалымат бере кетсеңиз?**

– “Кыргызалтынды” өзүнчө мекеме катары мындан дагы өнүктүрүп, ишмердүүлүгүн бекемдеш керек. Анын “Кумтөрдө” 26%, Кеминдеги “Талды-Булак Сол жээк” алтын кенинде 40%, “Макмалда” 30%, “Терек-Сайда” 25% үлүшү бар. “Кыргызалтындын” отчёту боюнча 2020-жылы 1,2 миллиард сом таза киреше менен чыкса, 2021-жылдын жыйынтыгы менен 3 миллиард сомдон ашык киреше ээ болушту. Мындай мамлекеттик мекемени колдоо зарыл. Бул ишканага дагы кошумча Ысык-Көл облусундагы “Тоголок” алтын кенин, Талас жана башка облустарда иштетиле элек кендерди кошуп берген оң болот. Ошондо мамлекеттик “Кыргызалтын” ААК мындан дагы көп ийгиликтерди жаратат. Алар чет өлкөлөрдөн инвесторлорду тартат жана өз каражаттары менен да кээ бир алтын кендерин иштетет.

Учурда Кыргыз Республикасына “Кыргызалтындын” базасында өлкөбүздөгү башка алтын кендерин да иштете турган ири тоо-кен өнөр жай тармагын түзүп алууга жакшы шарт жаралууда.

**Азизбек ЧАМАШЕВ**

Кут даарыган Сары-Өзөн!

## Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун төрагасы Аман БОКОМБАЕВ:

# “АДАМ ТАГДЫРЫНА КАЛЫС КАРОО КАДЫР-БАРК АЛЫП КЕЛЕТ”

*Бокомбаев Аман Мамыркожоевич 2002-жылы Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин юридикалык факультетин аяктаган. “Дарак бир жерден көгөрөт” демекчи, алгачкы эмгек жолун 2003-жылы мына ушул Жайыл районунда Сот аткаруучулар кызмат бөлүмүндө сот аткаруучу болуп баштаган. 2007-жылы ага сот аткаруучу кызматын өтөгөн. 2015-жылдын ноябрь айынан тартып Чүй облусунун Жайыл райондук сотунда сот болуп дайындалган. Ал эми Жайыл райондук сотунун төрагалык эки тизгин, бир чылбырын алганына 2 жыл толду. Үй-бүлөлүү, бир кыз, бир уулдун атасы.*

**- Аман Мамыркожоевич, кылмышка шектүүлөрдү кыраакылык менен кароо милдети чынында жеңил эмес. Сиздер кабыл алган чечимдер күнөөсүздөрдү сүйүндүрүп, күнөөлүүлөрдү күйүндүрүп турса кана атаганат. Тилекке каршы, соттор туура эмес чечимдерди чыгарды дешип, чычалап жүргөндөр да кездешет. Кара кылды как жарган калыстык менен адам тагдырын чечүү не деген дөөлөт?!**

- Айтканыңызда калет жок. Бир жакшы жери кийинки кезде соттордун жоопкерчилигин чыңдоого мамлекеттик деңгээлде маани берилип жатат. Эң башкысы материалдык-техникалык базаларыбыз чыңдалды. Кечээги мезгил менен бүгүнкү күндү салыштырып болбойт. Жашообуздун күрөө тамырына айланган санариптештирүү биринчилерден бизге жетиши жемиштүү эмгектенүүнүн негизи. Калп айткан менен болбос, мурда сот процесстеринин кандай жүргөнүнө кызыккан муктаждардын толук кандуу билүү мүмкүнчүлүгү аз эле. Баштан аяк катчылар кагазга түшүрүүгө аракеттенишчү. Болгонун болгондой жазып чыгуу, сүрөттөө мүмкүндүгү жок эле. Учурда уучубуз узарды. Сот процесси толук видеого тартылып, дискке жазылып, ачык-айкындык менен жүргүзүлөт. Мурдагыдай том-том болгон сот отурумдун бардыгы дисктерде сакталган. Будамайлап, бурмалоо өң тургай түшкө кирбейт. Кагаз жүзүндө сот отурумунун протоколдору, тиркелген иш процесстер акырындап четтетилүүдө. Кол күчү калды, санариптештирүү мээнеттеримизди алда канча жеңилдетти. Сот процесстеринин иши ийнежибине чейин видеого тартылгандыктан ачык-айкындык өкүм сүрдү. Соттор караган иштеринин адилеттүүлүгү үчүн бүткүл эрудициясын сарпташып, эл үмүтүн актоого бардык аракеттерин жумшап жатышат. Бардык кабинеттер заманбап компьютер, аудиодиск, видеолор менен жабдылган.

Былтыркы жылдын көрсөткүчтөрүнө токтолсок биздин соттор тарабынан жалпы 3 миңден ашык иш каралды. Мындан 3415 иш толук аягына чыкты. 2020-жылга салыштырмалуу былтыр 2021-жылы 736 иш көбүрөөк каралды, же 29,9 пайызга жогорулаган. Ошондой эле бизден жогорку инстанцияларга даттануу боюнча 201 иш кеткен. Мындан 83 пайызы күчүндө калтырылган. 12си жокко чыгарылган. Бул 12,77%ды түзөт. Даттануулардын 4,21%ы өзгөрүлгөн. Демек, биз калыстык менен караган иштердин басымдуусу туура чечилген,

**- Караган иштериңиздердин сексен пайыздан ашык чечимдери күчүндө калышы жакшы натыйжа десек жаңылыштык эмес. “Атын атаса - куту сүйүнөт” демекчи сотторуңуздун ишмердиктери тууралуу айтып берсеңиз?**

- Биз такшалган, тажрыйбалуу сот айымдарыбыз менен сыймыктансак болот. Мисалы, Джандаралиева Надира Джекшеновна 872 иш караган. Жогорку сотторго даттануулардын 85%ы күчүндө калтырылган. Жоопкерчилик, таразадай тактык менен иштегени, жабырлануучулардын жан дүйнөлөрүн терең баамдап билгени, айыпкерлердин кылмыштарын камырдан кыл суургандай аныктагандыгы алаканга салгандай көрүнүп турат. Өз ишин сүйгөндүгү, кесипкөйлүгү, билимдүүлүгү, ар дайым изденүүнүн үстүндө жүргөндүгү үзүрүн берүүдө.

Усакпаева Гульзат Каныбековна 593 ишти караган. Анын эң башкы жетишкендиги болуп чыгарылган соттук актыларына келтирилген -даттануулардын 100%ы күчүндө калган. Бардык иштери калыстык менен чечилгени бекемделди.

Ушундай эле жакшы пикирлерди соттор Асанова Чолпон Карыпбековнага жана Саадабаева Чынара Муратбековнага айтсак жарашат. Чолпон Карыпбековнанын караган иштеринин 75%ы күчүндө калса, Чынара Муратбековнанын караган иштеринин 85%ы күчүндө калтырылган. Акыйкат чечимдерди жеринде кабыл алсак, тууралыгын бекемдесек, даттануулар да азаят деген ойдомун. Мындай жогорку жыйынтыктар санариптештирүүнүн түздөн-түз таасири. Тааныш-билиштик, коррупциялык кадамдар жасалбай сот процесстеринде мүмкүнчүлүктүн жетишинче тазалык өкүм сүрүүдө.

**- Сот айымдарына болгон эл ишенимдери бекемделиптир. Алкыштарга бай, каргыштардан алыс болушсун. Айрыкча оор кылмыш кылтагына илингендердин тагдырын чечүү, акыркы чекитти коюу оор. Башыңыздан кечирген эсте каларлык окуялардан айтып берсеңиз?**

- Эсимдеги бир иш жөнүндө айтып берейин. Бир жолу бир кемпир алыскы райондордон борбор шаарыбызга такси менен жолго чыгат. Ал аңгыча бирөө келип: “Сизди тосуп алат, ага бул түйүнчөктү берип коюңуз” дейт. Кемпир макул болот. Тилекке каршы, шаарга келгенде 600 грамм наркотикалык зат менен кармалып калат. Кемпир кимден алганын айтпаска касам ичкендей тааныбастыгын тана баштайт. Тергөөчүлөр наркотикалык затты ким аркылуу алганын тактап чыгууга абдан аракеттеништи. Ток этери, кемпирди соттоого туура келди. Чечимди угузуп жатканда байкуш кемпирди аяп турдум. Бирок, мыйзам улук. Кыскасы, узак мөөнөт 9 жылга эркинен ажыратылды. Жетимиш жашка таяп калган кемпирдин абактагы жашоосун башкалардын башына салбасын! Ошол кемпирди сурап, кантип сот жообуна тартканым кээде эсиме келе калат. Абдан оор күн болгон. Чечимди окуп жатканымда колдорум калтырап турган. Жан дүйнөм жабыркап чыккан.

Дагы бир эсимдеги иш, жол кырсыгынан жабыр тарткандардын ишин карап жаткам. Жол кырсыгынан күлгүндөй айдоочу жигит көз жумган. Ата-эне, агайын тууганда-ры, жакындары уруп кеткен айдоочуну эки чайнап, бир жутуудан кайра тартпай турган. Иштин жөнүн талдап келгенде айыптуу атайлап жол кырсыгын жасабаган. Кокустук кырсыкка алып келген. Ток этери, айыбын угуздум. Күнөөлүү жигит 4 жылга эркинен ажыратылды. Кудай бетин салбасын тууганда-ры: “Түрмөдө чирип өлүү күнөөкөрдү колдодуң. 4 жыл эмне эми эле өтүп кетет. Ал эми өлгөн балабыз кайра кайдан тирилет?” дешип мени каргап-шилеп жатышты. Ишенсеңиз адам болуп туулгандан андай суук каргыштарды уккан эмесмин. Уккан кулагыма бир ишенип, бир ишенбей катуу санаага баттым. Түнү бою кулагыма тигилердин каргыштары жаңырып, кайсы жеримен жаңылдым, жаздым деп жаттым. Таң эрте ишке келсем баягы мени каргагандар мени тосуп чыгышты. Чындык керек: "Дагы эмне балээ болуп кетти, каргыштары аз келгенсип, эмне кол көтөрүшөбү?" – деп чоочулап турат элем. Тигилер жаныма келип: “Биз жарашып алдык”,- дешсе болобу. Ушундайлар да болот.

Биздин Жайыл районунда төбө чачты тик тургузган кыз ала качуу оор кылмышы болгонун кимдер билбейт? Кыздын бычакталган трагедиялуу өлүмү не деген талаш-тартыштарды пайда кылды. Андан көп узабай борбор шаарыбыздан Айзада аттуу кызды ала качып, аны да алам деген зөөкүр жигити кыйнап өлтүрүп салды. Ошентип “Кыз ала качуу” кылмыштардын ичинен өтө популярдуулугу менен ооздон-оозго көчүп, бүйүр кызыткан талаш-тартыштарды жаратты. Зөөкүр жигиттерге чынында убал жок. Бирок, кыз менен жигиттердин чала кайым баш кошуулары да болбос жерден чуу чыгарууда.

Биздин Кош-Дөбө айылында да “Кыз ала качуу” жалаасы менен күйөө бала жана эки күйөө жолдошу кармалып, уюшкан кылмыш жоруктары менен айыпталып, акыры иштери сотко өттү. Бул ишти да баштан аяк мен карадым. Көрсө, иш мындай болуптур. Жигит менен кыз сүйлөшүп жүрүшкөн. Ал ортодо араздашып аралары алыстап калат. Бир күнү жигит кызга аялдамадан жолугуп калат. Кыскасы кыз менен жарашып, үйүнө алып келет. Үйүндө энеси эле жалгыз болгон. Иштин жайын угуп, келинине чуркайт. Абысыны келет. Башына жоолук салышат. Айылдаш эки жигит кирип келип, жаңы үйлөнүп жаткандарды куттуктап калат. Келин алгандар: “Кызыңызды биз келин кылып алдык, өз эркин менен келди. Уулубуз менен сүйлөшүп жүрүптүр” дешип кыздын энесине телефон чалышат. Кыздын энеси кыздын атасына айтат. Атасы атчан мас болуп келип: “Эмне үчүн мага айтпай кызымды алып келдиңер!” деп чатак чыгара баштайт. Ошол мезгилден пайдаланган кыз качып кетет.

Ошентип, өз эле каалоосу менен келген кызды “Ала качып кетишиптир!” деп атасы сотко берет. Баягы эки жолдош балдары да айыптуу болуп калат. “Үчөөлөп кыз уурдап качышкан” деген калпыс тыянак менен сот жообуна тартылмай болушуп калышат. Тиги “күйөө жолдош” эки жигит тең Тажикстандан качып келишкен этникалык кыргыздардын уулдары экен. Биринин кулагы жакшы укпайт. Беркиси да майып. Тажикстанда болгон жарандык согушта жан соогалап качып келгендерди кыз ала качуу беренеси менен соттосом, күйөө бала менен бирге экөөнө тең 7 жылдан бермекмин. Топтолуп, уюшуп кылмыш кылуу беренеси оор болот.

Ооба, кыз ала качуу кылмыш. Бирок, бул жерде эч кандай кыз ала качуу, зордуктап мажбурлоо болгон эмес. Кыз берген сүроолорума жооп берди. Ырас эле ал өз ыктыяры менен келген. Болгону чатак салган, атчан мас атасынан коркуп, качып чыгып кеткен.

“Кеминде 7 жылдан эркинен ажыратылат” деген уулдарынын актылышы ата-энелер, туугандары үчүн чоң кубаныч болгон. Наркотик менен кармалган кемпир эсимен кетпей кыйналган түндөй эмес, же жол кырсыгынан мерт болгон жигиттин туугандары каргап-шилеген күндөй эмес, ошол ала качуу жалаасы жабылган 3 жигитти актаган күнү тынч уктадым. Балдардын тагдырына балта чабылбады.

Эми мындай окуяларды айта берсек, аз эмес.

